Сен мени издеп, мен сени издеп чарчабай,
Отуз беш жыл өткөрүппүз байкабай.
Кечее гана үйлөнгөндөй сезилет,
Кызганычтар, таарынуулар капырай.
Эх, чиркин ай, таттуу сезим өчпөсүн,
Биз сүйүүдөн кумарыбыз таркабай.

Тажабадым, сен да менден тажаба,
Чарчабадым, сен да такыр чарчаба.
Өр таянган өмүр жолду бир басып,
Жыгылбастан бир чыгалы аскага.
Сенин күлкүң, колдооң мага чоң кубат,
Билинбестир, деги эле башкага.

## ЖАҒЫП ТУРАР

Күнде түсиме кирип,
Жүрекке үмит илип,
Айлы түн самайымнан,
Аялап сылап, күлип,
Сүйгениң жағып турар,
Жан дүньям оттай күйип.

Толқының асып-тасып,
Уйқысыз хатың жазып,
Аямай мийримиңди,
Турғанда нурың шашып,
Сөзлериң жағып турар,
Сүйиўге есик ашып.

Үзалмай гүдеримди,
Билгендей күтеримди,
Жүргенде жөнетесең,
Ҳәр таңда гүллериңди,
Гүллериң унап турар,
Қубылтып гүл өңимди.

Жүрегим аўырғанда,
Сағынып алқынғанда,
Шынжырлап алдың ерким,
Жүзбе-жүз жолыққанда.
Сағынған унап турар
Сүйиўден қаныққанда.

Дүньямды арбағанда,
Излеўден талмағанда,





Ток болып дирилдеттиң,
Қолымнан қармағанда.
Негедур унап қалдың,
Ышқымды жаўлағанда.

## ЖАГЫП ТУРАТ

Күнүгө түшкө кирип,
Жүрөккө үмүт илип.
Айлуу түн саамайымдан,
Аярлай сылап, күлүп.
Сүйгөнүң жагып турат,
Жан дүйнөм оттой күйүп.

Толкунуң ашып-ташып,
Уктатпай катың жазып.
Тажабай мээримиңди,
Жадырай турсаң чачып.
Сөздөрүң жагып турат,
Сүйүүгө эшик ачып.

Үзалбай күдөрүмдү,
Билгендей күтөөрүмдү.
Жүргөндө жөнөтөсүң,
Ар таңда гүлдөрүңдү.
Гүлдөрүң жагып турат,
Албыртып гүл өңүмдү.

Жүрөгүм ооруганда,
Сагынып оолуканда,
Чынжырлап алдың эрким,
Бет маңдай жолукканда.

Сагынган жагып турат,
Сүйүүдөн соолукканга.

Дүйнөмдү арбаганда,
Издөөдөн талбаганда.
Ток болуп дирилдеттиң,
Колумдан кармаганда.
Негедир жагып кеттиң,
Көздөрүң арбаганда.

## БУЛТ БОЛЫП БАРСАМ БА?

Қараңызды көргениме қуўанып,
Көкиректе үмит оты тутанып.
Көзиңизди көргим келип ақ таңда
Тилеп турдым Жаратқаннан сораныл.

Көкте жулдыз көзин қысар наз қылып,
Аспаныма жарық шашты жаз қылып.
Бийиклерден қолың былғап күлип қой,
Мен толқыйын жүрек жырын саз қылып.

Ақ булт болып аўылыңа барсам ба?
Таўып алып бир қушақлап алсам ба?
Тынып турған дүньяңызға азырақ,
Сеўги нурын сездирместен салсам ба?

Таңғы түстей ойын қурып барсам ба?
Ойыңызды жалғыз бийлеп алсам ба?
Аўнақшып сиз уйқылай алмай жатсаңыз,
Самайыңыздан сыйпалап қайтсам ба?





## БУЛУТ БОЛУП БАРСАМБЫ

Карааныңды көргөнүмө кубанып,
Көкүрөктө үмүт отум тутанып.
Көзүңүздү көргүм келип ак таңда,
Тилеп турам Жараткандан суранып.

Көктө жылдыз көзүн кысат наз кылып,
Асманыма жарык чачты жаз кылып,
Бийиктиктен колуң булгап күлүп кой,
Мен толкуюн жүрөк сүйгөн ыр сунуп.

Булут болуп айлыңызга барсамбы?
Адашпай таап бек кучактап алсамбы?
Тынч отурган дүйнөңүзгө азыраак,
Сүйүү нурун байкатбастан салсамбы?

Таңкы түштөй оюн салып барсамбы?
Ойуңузду жалгыз ээлеп алсамбы?
Ооналактап уктай албай турсаңыз.
Ойго салып саамай сылап кайтсамбы?

* * *

Қар гүреп әкем жол салар,
Аппақ қар жаўса дизеден.
Адымым жетпей адымға,
Жарысып изим диземен.

Әкемниң изи жалпайған,
Изимнен мениң кең екен.
Тынымсыз ерке қызына,
Келешек, бағыт жол екен.

Қарыўлы, мықлы қолында,
Зор бахыт жанып турғандай.
Қар гүреп, салған соқпақты,
Мына мен ушын қурғандай.

Териден тиккен телпеги,
Шиймақпал менен тысланған.
Қолларым салып белине,
Мазалы уйқы қушқанман.

Тери тон иши жып-жыллы,
Әкемниң ийсин сиңирип.
Кеткенмен татлы уйқыға,
Жағымлы ийсин симирип.

Сол излерден жоқ хеш бири,
Қараң, ўақыттың өткенин,
Байқамай қалдық, кеўил тоқ,
Кекселик келип жеткенин.





Әкемдей болып ақ таңда,
Қар гүреп салсам жол, қараң,
Сыңғырлап күлип артымда,
Келмекте ерке ул балам.

Кисемди тинтип қарайман,
«Не берсем екен шадлы күн?!»
Галошы менен қар кешер,
Уйқыдан турған ақлығым.

Артынан урпақ жалғанып,
Умытпай жыллар елесин,
Өткере берер адамзат,
Өмирдиң минип кемесин.
Изиңди излеп басардай,

Бар болсын татлы ул-қызың,
Жаратқан тартыў қылыпты,
Ескиден үзип бир үзим.

* * *

Кар жиреп атам жол салчу,
Аппак кар жааса тизеден.
Арышым жетпей арышка,
Жарышат элем из менен.

Атамдын изи балпайып,
Көлөмү менден чоң эле.
Тынчы жок эрке кызына,
Келечек, багыт жол эле.

Салмактуу, күчтүү колунда,
Зор бакыт жанып тургандай.
Көзүмө илбей эч нерсе,
чуркачу элем тызылдай.

Териден тиккен мээлейи,
Чыйбаркыт менен тышталган.
Эки кол салып бирөөнө,
Кучактап жатып уктагам.

Тери тон ичи жыпжылуу,
Атамдын жытын сиңирип.
бал уйку эсти оодарса,
Жытынан кайра тирилип.

Ошондой издин бири жок.
Карачы мезгил өткөнүн,
Байкабай жүрдүк көңүл ток,
Карылык көздү өпкөнүн.





Атамдай болуп ак таңда,
Кар жиреп жолго из салам.
Кытылдап күлүп артымда,
Келатат эрке уул балам.

Чукулап чөнтөк караймын,
«Токтой тур сага не берем».
Көлөшүн кийип кар кечет,
Уйкудан турган неберем.

Артынан урпак уланып,
Мезгилдин тартып жебесин.
Өткөрөт тура адамзат,
Өмүрдүн минип кемесин.

Изиңди издеп басаарга,
Бар болсун таттуу уул-кызың.
Жараткан тартуу кылыптыр,
Бооруңдан үзүп бир үзүм.

## КЕШКИ ЖЕЛ

Сырлассам күнлеримниң кеши менен,
Қара-шы, шексиз әлем қандай екен.
Жулдыздан илҳам алып күш топладым,
Ең нәзик үлбиреген сезим менен.
Жүректиң тереңинде ышқы жасар,
Туўылған жер, туўысқанлық, елим деген.

Кешки самал қытықлап илҳам берип,
Отырарман сөз маржанын излеп терип,
Жулдызлар қолын былғар бийиклерден,
Лирика ырғақларын шашып сеўип,
Көңилим көкке ушып шарқ урады,
Лирика ырғағында қанат керип.

Ай шығар жанарынан арзыў төгип,
Арзыған жүреклерге ышқы берип.
Айлантып сезимлерин лирикаға,
Отырман сөз алмазын сайлап терип.
Бәлким, алдым илҳамды толған Айдан,
Нурына жүзим шайып, нурын өбип.





## КЕЧКИ ЖЕЛ

Сырдашып күндөрүмдүн кечи менен,
Карачы чексиз аалам кандай кенен.
Жылдыздан эргүү алып куч топтодум,
Эн назик үлбүрөгөн сезим менен.
Жүрөктүн теренинде сүйүүм жашайт,
Туулган жер, ага-тууган, элим деген.
Кечки жел кытыгылап эргүү берип,
Турамын сөз берметин издеп терип,
Жылдыздар колун булгап тээ бийиктен,
Лирика ыргактарын чачып себип,
Көңүлүм көккө учуп бара жатат,
Лирика ыргагында канат керип.

Ай чыгат ажарынан арзуу төгүп,
Арзыган жүрөктөргө сүйүү берип.
Айлантып сезимдерин лирикага,
Турамын сөз алмазын кынап терип.
А балким алдым эргүү толгон Айдан,
Нуруна жүзүм чайкап, нурун өбүп.

## МЕНДАҒЫ КӨПТИҢ БИРИМЕН

Мен де көптиң бирimen, тартынаман,
жылайман, қуўанаман,
Кеўилим қабарып үзилип, қайта,
қуўараман, жубанаман.
Сапырарман ойды айрандай, өкиниў, күтиў бен,
Ырзаман тәғдир берген сыбағамнан.

Мен де көптиң бирimen, сағынаман,
жадырап күлемен,
Көңилим қабарса да сездирмей ҳеш қулпырар
гүл шырайым.
Ақ жамғырда қалған бир тал ақ гүлдей,
тербелип, әсте майысып,
Турады ашып гүллерин, Көп көрмегейсең, Қудайым.
Мен де көптиң бирimen, жан дүньям
шөллеп шөгемен,
Гей күни ушсам масайрап, гей күни жерге түсемен.
Көксиме жәмлеп жаз ийсин, жүрегим соғар қуўанып,
Қайсы жерлерге барса да, ышқыдан үзбес гүдерин.

Мен де көптиң бирimen, жап-жасыл жазды күтемен.





## МЕН ДЕЛЕ КӨПТҮН БИРИМИН

Мен деле көптүн биримин, таарынам, ыйлайм, кубанам,
Көңүлүм чөгүп үзүлүп, чыйралып кайра уланам.
Сапырып ойду самандай, жыялбай өңдөн кубарам,
Өкүнүү, күтүү, ыр жазуу, тагдырдан алган шыбагам.

Мен деле көптүн биримин, сагынам, жайнап күлөмүн,
Кетилсе көңүл билгизбей, кулпурат кайран гүл өңүм.
Ак жаанда калган ак гүлдөй, жалбырак үшүп кайрылып,
Турса да ачып гүлдөрүн, соолутпай жанды сүйөмүн.

Мен деле көптүн биримин, жан дүйнөм кирдеп чөгөмүн,
Кээ күнү учсам көкөлөп, кээ күнү жерге түшөмүн.
Көөдөнгө байлап жаз жытын, жүрөгүм согот кубанып,
Таянып өргө барса да, сүйүүдөн үзбөй күдөрүн.

Мен деле көптүн биримин, жашыл төр жазды күтөмүн.

## МЕЗГИЛ МЕНЕН УЛҒАЯМАН

Мен өзимди таппай базда үрпейемен,
Туңғыйыққа сүңгип кетип жыр төгемен.
Ақ-қараның айырмасын биле алмай,
Бас қатыра мезгил менен үлкейемен.

Сездим шынжырсыз қолым байланғанын,
Мыйық тартсам көңилимниң аўланғанын.
Қумлы шөлде суў излеген кәрўан болып,
Сездим көз жасым көлге айланғанын.

Ақ моншақтай ой дизбеги ашылған ба?
Өткинши самал сезим басылған ба?
Уўысынан гүл төгилген мезгилдиң,
Пәти қайтып күш-ғайраты шашылған ба?

Көзимнен жас қуйылғанын сезип-сезбей,
Тусаламан ақыл менен дүнья гезбей.
Бүгин барман, ертең қандай күнлер күтер,
Әттең менен өтер өмир арман кетпей.

Жеңилдим бе я жеңдим бе өзек талып?
Үмитим лаўлар еле оттай жанып.
Умтыламан сызып шыққан үшмүйешке,
Ендигәри бул өмирдиң палын татып.





## МЕЗГИЛ МЕНЕН УЛГАЯМЫН

Мен өзүмдү таппай артка кылчаямын,
Туңгуюкка эрким байлап сумсаямын.
Ак-каранын айырмасын бөлө албай,
Баш катыра мезгил менен улгаямын.

Чынжыры жок кол- бутумду байлаганмын,
Жалган күлүп көңүлүмдү жайгарамын.
Кумдуу чөлдө суу издеген кербен болуп,
Байкабадым жашым көлгө айланганын.

Ак данадай ой тизмеги ачылганбы?
Өткүн сымал сезим төгүп басылганбы?
Көкүлүнөн гүл төгүлгөн курч мезгилдин,
Мизи кайтып кайрат күчү чачылганбы?

Көзүмдөн жаш куюлганын сезип-сезбей,
Тушаламын акыл менен дүйнө кезбей.
Бүгүн бармын эртең кандай күндөр күтөт,
Аттиң менен өтөөр өмүр арман кетпей.

Жеңилдимби же жеңдимби карек талып?
Үмүт отум жанат эле оттой жанып.
Улутунам сызып чыккан үшкүрүккө,
Каналекте бул өмүрдүн балын татып.

## СЕН ЖӘНЕ МЕН

Сен гүз бол, мен жамғыр болып қуяйын,
Көңилимди бүгин сөйтип жуўайын.
Себеп пенен тоқтамастан силпилеп,
Жүзиң жуўып, ләблериңнен өбейин.
Уйқылап жатқан сезимиңе бир тыма,
Гүмис күлким менен нурым себейин.

Сен қыс болсаң, ақ тоныңды жамылып,
Тамшыларың кең аспаннан ағылып,
Мен боларман ирет пенен дизилген,
Моншақ киби мойыныңа тағылып.
Өшпеймен ҳеш сен жанымда турғанда,
Жүрегимде ышқы турса жағылып.

Сен жаз болсаң, жазықлықта жадырап,
Бултты қуўып, қулпы дөнип әтирап,
Гүл болайын, жупар шашқан таңдағы,
Ай боларман, көк аспанда жарқырап.
Ал булт болсаң, қабақ үйип түнерген,
Тамшы боларман, терезеңди атқылап.

Саратан бол, әптабыңда яндырып,
Түсиме ен, ой-ақылым алдырып,
Мен булақпан мөлдир, таўдан қуйылған,
Бир жутып ал, суўсыныңды қандырып.
Қумды кешкен кәрўан болсам көш тартқан,
Муҳаббатта өрте мени жандырып.





## СЕН ЖАНА МЕН

Сен күз бол, жамгыр болуп төгөйүн,
Теребелге бүгүн көңүл бөлөйүн.
Шылтоо менен токтобостон көнөктөп,
Жүзүңдү жууп, илебиңден өбөйүн.
Уктап жаткаң сезимиңе бир бүркүм,
Күмүш күлкүм менен нурум себейин.

Сен кыш бол, ак тонуңду жамынып,
Берметтериң кең асмандан агылып.
Мен болоюн ирет менен тизилген,
Акданадай моюнуңда тагылып.
Үшүбөймүн сен жанымда турганда,
Жүрөгүмдө сүйүү турса жагылып.

Сен жаз бол, чагылгандай чартылдап,
Булут айдап, өткүн болуп шартылдап.
Гүл болоюн, жыпар чачкан таңдагы,
Же ай болом, тээ асманда жаркырап.
Булут болсоң, кабак түйүп буулуккан,
Мөндүр болом, терезеңди аткылап.

Сен жай бол, аптабыңа куйкала,
Түшкө кирип, оюм бузуп уйпала.
Мен булакмын, мөлтүр тоодон куюлган,
Бир жутуп ал, суусунуңу кандыра.
Кум жиреген кербен болсом чаалыккан
Махабатта кучак жайып калкала.

* * *

Қыйғырығың шықпай иште туншығып,
Неге жуттың айтатуғын сөзиңди?
Қырқ жыллық қыймасың болған ҳалда,
Мен бахытлы қылалдым ба өзиңди?

Балларымның шаўқымына жасырнып,
Жөнсиз сөйлеп, сындырдым ба сөзиңди?
Батынбаған гезлериңде сыр салып,
Мен бахытлы қылалдым ба өзиңди?

Аяйман да! Аяғаның сезбестен,
Албыртлықтан өширдим бе сезимди?
Ақ жаўлығым салған күннен басыма,
Мен бахытлы қылалдым ба өзиңди?

Шайды узатарман, үзбей көзимди,
Күлимсиреп даўамларсаң сөзиңди.
Болғаны ушын сөзлериңниң жылыўы,
Сен менен бахытлы сезермен өзимди.





* * *

Кыйкырыгың чыкпай ичте тумчугуп,
Нечен жуттуң айта турган сөзүңдү.
Кырк жыл жашап кыйбастардан көрүнүп,
Мен бактылуу кылалдымбы өзүңдү?

Балдарымдын далдоосуна жашынып,
Орой сүйлөп, сындырдымбы сөзүңдү?
Батынбаган карегиңде сыр салып,
Мен бактылуу кылалдымбы өзүңдү?

Аялмын да! Аяганың сезбестен,
Албууттанып өчүрдүмбү сезимди?
Ак жоолугум салган күндөн башыма,
Мен бактылуу кылалдымбы өзүңдү?

Чайым сунам, албай карап көзүмдү,
Күлүмсүрөп улантасың сөзүңдү.
Сөздөрүңдүн жылуулугу бар үчүн,
Сени менен бактылуу дейм өзүмдү.

* * *

Кешир мени оқылмай қалған жырлар,
Сени парқлап оқыған қәне, ким бар?
Сөз маржаны дизилип ҳәр қатарда,
Үйлесимин табады қанша сырлар.

Сарғайған парақларда өшпес жырлар,
Жас нәлше де болады бийик шынар.
Шын қәлбинен үңилген адам бир күн,
Толқынына қосылып мәуиж урар.

Егер заман дауылы урса ылғал,
Тереңлете мәнисин уйып тыңлар,
«Елиу жылда ел жаңа» деген ғой журт,
Китап излеп, китапты сүйер мыңлар!

Китап деймиз, изленип жырлар деймиз!
Сүңгип кетсек басымызды көтермеймиз.
Туншығамыз толқынға дус келгенде,
Өзимиз де ашылмаған китап дермиз.





* * *

Кечир мени окулбай калган ырлар,
Сени барктап окуган азыр ким бар?
Сөз бермети тизилип ар бир сапта,
Катып келет табышмак, нечен сырлар.

Саргайыңкы баракта өчпөс ырлар,
Бар болгону жаш көчөт, болоор чынар.
Чын дилинен үңүлгөн адам бир күн,
Толкунуңа бой уруп кошо, жыргаар.

Бул замандын добулу соксо ызгаар,
Тереңдете маңызын муюп тыңдаар,
«Элүү жылда эл жаңы» - дейт эмеспи,
Китеп сүйүп, издеген жандар чыгаар!

Китеп дейбиз, изденип ырлар дейбиз!
Чумкуй кирип деңизге, убай жейбиз.
Тумчугабыз толкунга бет келгенде,
А өзүбүз, ачылбаган китептейбиз.

## МУҲАББАТТА СЕН ПҮТКИЛЛЕЙ БАСҚА АДАМ

Сениң ышқың ашылған гүл, шыққан күн,
Жулдыз толы муҳаббатлы айлы түн.
Уйқысырап мен аўнақшып жатсам да,
Татлы сезим, балқытады қоңыр үн.

Сениң ышқың үмит, мақсет, арыўлық,
Еркеликтен болғаным жоқ арылып,
Мен наз етсем көзлеримнен өбесең,
Жүрегиме жыллы туйғы дарытып.

Сениң ышқың жумсақ, лапыз, поэма,
Ерким бийлеп алды қоймай ҳалыма.
Қолды силтеп терис айланып кетиўге,
Мүмкин емес, сени сүймей болама.

Сениң ышқың қызғаныштан басланған,
Мен басқаша көриндим бе басқадан.
Сен бир жөнсең, және сөзге сараңсаң,
Муҳаббатта сен тап-тақыр басқа адам.





## МАХАБАТТА СЕН ТАПТАКЫР БАШКА АДАМ

Сенин сүйүүң ачылган гүл, чыккан күн,
Жылдыз толгон махабаттуу айлуу түн.
Уйку соонун арасында жатсам да,
Таттуу сезим, магдыраткан коңур үн.

Сенин сүйүүң үмүт, максат, аруулук,
Эркеликтен кетем кээде таарынып.
Түйтуң этсем көздөрүмдөн өбөсүң,
Жүрөгүмө таштап чымчым дарылык.

Сенин сүйүүң жомок, обон, поэма,
Байлап алды койбой эрким, оюма.
Колду шилтеп терс бурулуп кетүүгө,
Мүмкүн эмес, сени сүйбөй коюуга.

Сенин сүйүүң кызганычтан башталган,
Бир башкача көрүндүмбү башкадан.
Жөнөкөйдө мокок, сөзгө сараңсың,
Махабатта сен таптакыр башка адам.

* * *

Асаў қыял тыпыршылап шулғыйды,
Келип турар бүгин сени излегим.
Тынышлық бермей көкирекке бир туйғы,
Еске салды өткен күнниң излерин.

Сол гезде де ҳәзиргидей март еди,
Үсти-үстине жамғыр қуяр басылмай.
Еки күнде бир жолығыў шәрт еди,
Ақ жамғырға қарамастан асықпай.

Қол шатырда қолды жылытып қорғалап,
Алысламай ықлаймыз биз қушақлап.
Шатыр суўы мойынымызға сорғалап,
Самал қуўған булт барады узақлап.

Бүгин сол бир татлы күнге қайрылып,
Қыялымда алысларға жөнедим.
Бәлким сен де март айында есиңе,
Алдыңбекен, жасы киши бөбегим.





* * *

Сүрүп салып бүт түйшүктү, көйгөйдү,
Келип турат бүгүн сени издегим.
Тынчтык бербей көкүрөккө бир туйгу,
Эске салды өткөн күндүн издерин.

Анда дагы азыркыдай март эле,
Бир жумалап жамгыр төгүп басылбай.
Эки күндө бир жолугуу шарт эле,
Ак жамгырга карабастан шашылмай.

Кол чатырда кол жылытып корголоп,
Алыстабай ыкталабыз кучактап.
Чатыр суусу моюн ылдый шорголоп,
Кызга окшош жаз күнүндөй бышактап.

Бүгүн ошол таттуу күнгө кайрылып,
Кыял менен учуп алыс жөнөдүм.
Балким сен да март айында эсиңе,
Алдың бекен, жашы кичүү бөбөгүм.

## БӘЛКИМ СЕНСЕҢ

Бирикпестен қақ бөлинсе ойларым,
Билмедим не боларлығын жойбарым.
Жақсы сөйлеп, көринбестен күш берген,
Бәлким сенсең мениң бәрҳа қолларым.
Мың шатасқан табыспақты шешалмай,
Қайта саған бара берер ойларым.

Моншақ киби шашыраса ақылым,
Топлай алмай, ис тутарман ақырын.
Муңайтпастан елжиреген көз бенен,
Қуўат берши, өзиңсең ғой жақыным.
Жаслық пенен қалдымбекен байқамай,
Адамлардың жомарт пенен бақылын.

Таў аралап терсем жупар гүллерин,
Излеп, аңсап балалықтың излерин.
Таў жаңғыртқан сондай бәлент ҳаўазда,
Бәлким сенсең жолым тосып излерим.
Қыял менен талай бардым таўларға,
Үзе алмай татлы ойлар дизбегин.





## БАЛКИМ СЕНСИҢ

Бирикпестен тең бөлүнсө ойлорум,
Билбей турам дагы эмне ойлоорум.
Жакшы сүйлөп көрүнбөстөн күч берген,
Балким сенсиң менин дайым колдоорум.
Миң чаташкан табышмакты чечалбай,
Кайра эле сага барат ойлорум.

Мончок сындуу чачыраса акылым,
Топтой албай, алдастаймын акырын.
Муңайтпастан элжиреген көз менен,
Кубат берчү балким өзүң жакыным.
Жаштык менен калдым бекен байкабай,
Адамдардан адамдыктын асылын.

Тоо аралап терсем жыпар гүлдөрүн,
Издеп, эңсеп балалыктын издерин.
Тоо жаңырткан мукам добуш үн менен,
Балким сенсиң жолум тосуп издээрим.
Кыял менен нечен барам тоолорго,
Үзө албай таттуу ойдун күдөрүн.

* * *

Туўылғай деп бөбек туйғым шырқырап,
Уйқыламастан жатарман ақшам жыр қурап.

Муҳаббат жазы жүрегиме еркелеп,
Қыялды жолға шығары бар жетелеп.

Жасырын сезим бир гезлери серпилип,
Түйини сырдың шыға келеди шешилип.

Көзлеримнен сүйеди сонда сеўги кеп,
Тереңге сүңгип шөгип кете көрме деп.

Көтерип жүрмен, шегип жүрмен ҳазарын,
Арзыўымның жеткизген сонша азабын.

Пегастың тутып қолларымда шылбырын,
Алдыға қарай ушаман, мысал жылдырым.

Аппақ-аппақ ақша бултты аралап,
Ақ төсин гезген ақ суңқарға усадым.

Жулдызлар әне! Жатар тарыдай шашылып,
Күтип ал мени, барарман саған асығып!

Көксиме толған дебдиўлерди ҳәўирли,
Тарқатып бергим келеди сизлерге.

О-ҳо, жулдыз! Үркер! Жети қарақшы!
Мен жол излеп баратырман, қараңшы.





Қолыңды былға, еткил маған қарасық,
Бағытың таппай, қалмайын мен адасып.

Күшим жетпей баратса да, тарысаман,
Ерке самал, кел, сен менен жарысаман.

Жыйнақлай алмай пикиримди, ойымды,
Ақыл, ес пенен тиклермен қәдди бойымды.

Бултлар! Сәл егleniң, изге қайрылың,
Ала кетиңлер мына бар байлығым!

Сорғалаған көз жасымды көрип өт,
Оны мунартқан таўларға төгип өт.

Ерке жел еглен, бир мәўритке тоқтап өт,
Есимди мениң, туйғымды мениң жыйып кет.

Елигип турған көңилге, ескирмес ышқы түйип кет.
Узын түн! Қыймас сырласым, сырымды
беккем жасырғыл.

Қәлбиме, және өзиңе, жасырдым сырдың ашығын.
Уйқының урлап шырымын, соғыўын жаздым
жүректиң.

Бозарып атқан таң менен, уйқымды уплап жүдеттиң.

* * *

Борошо боздоп ышкырат,
Уктабай жатам ыр курап.

Махабат жазы эркелеп,
Кыялдуу жолго жетелейт.

Жашырган сезим серпилтип,
Түйүнүн сырдын чечмелейт.

Көзүмдөн сүйөт махабат,
Тереңге чөгүп кетпе дейт.

Көтөрүп жүрөм азыр да,
Арзуунун жыргал азабын.

Пегастын кармап чылбырын,
Алдыга карай учамын.

Апакай булут аралап,
Желесин кесем кусанын.

Жылдыздар ана! Жылдыздар!
Тосуп ал сага баратам!

Көөдөндө толгон бугумду,
Силерге айтып, таратам.

Ак жылдыз! Үркөр! жетиген!
Жолуңду издеп баратам.





Колуңду булга, тартып ал,
Багытың таппай адашам.

Ал-күчүм батпай өзүмө,
Эрке жел келгин, жарышам.

Жыйнактай албай оюмду,
Акыл, эс менен алышам.

Булуттар! Токто кайрылгын,
Бугумду бүгүн ала кет!

Каректе толгон көз жашты,
Тоолорго барып төгүп өт.

Эрке жел токто, мүнөткө,
Эсимди менин жыйып кет.

Ээлигип турган көңүлгө,
Эскирбес сүйүү илип өт.

Узун түн! Кыйбас сырдашым,
Сырымды бекем жашыргын.

Көөдөнгө, анан өзүңө,
Жашырдым сырдын ашыгын.

Уйкунун уурдап мүнөтүн,
Согушун жаздым жүрөктүн.

Түйшөлкөн эргүү таң менен,
Уйкумду алып жүдөттүң.

## МАҚТАЎДЫ КІМ КӨТЕРЕР...

Мақтаўды сәўле шашқан Ай көтерер,
Ақ таңды нурға бөлеп Күн көтерер.
Ямаса ақ қараға гүўа болған,
Тилсимли қәсийетли түн көтерер.
Тербелип бендесиниң тентегине,
Табанында тепселген жер көтерер.

Мақтаўды шалқып жатқан Көл көтерер,
Суў жетпей қақыраған шөл көтерер.
Ыссыға, суўыққа селт етпеген,
Ақ қарлы анаў бийик таў көтерер.
Гей биреў мақтай қойсаң көзин сүзип,
Адамды ҳеш менсинбей тек жөтелер.

Мақтаўды жарылмастан тас көтерер,
Дәми иштей ашарлық ас көтерер.
Салмақлы қәдем таслап ертеңине,
Ақылана ой жуўыртқан бас көтерер.
«Өссем» деп жалықпаған шаршамаған,
Дүньяны ақыл если жан көтерер.





## МАКТООНУ КИМ КӨТӨРӨТ

Мактоону - жарык чачкан Ай көтөрөт,
Ак таңды нурга бөлөп Күн көтөрөт.
Болбосо ак карага күбө болгон,
Кебелбес касиеттүү түн көтөрөт.
Термелип пендесинин тентегине,
Таманында тепселген Жер көтөрөт.

Мактоону - чалкып жаткан Көл көтөрөт,
Суу жетпес какыраган чөл көтөрөт.
Ысыкты, суукту билбей солк этпеген,
Ак карлуу, тээ бийикте тоо көтөрөт.
Кээ бирөө мактоо берсең көзүн сүзүп,
Тең санабай адамды кур жөтөлөт.

Мактоону - чарт жарылбай таш көтөрөт,
Татымы жанга жагым аш көтөрөт.
Салмактуу кадам таштап эртеңкиге,
Чынында иштеп турган баш көтөрөт.
«Өссөм»- деп талыкпаган, чарчабаган,
Көтөрүмдүү, акыл - эстүү жан көтөрөт.

## ДОСЛАРҒА СӘЛЕМ ЖОЛЛАЙМАН

Кәраматын бул күнниң қара мына,
Ақ таңда аппақ қардың бораўына.
Жатырыппан уйқы көрмей китап оқып,
Жыр жуўап бералмас көп саўалыма.

Дослардың терезесин шертсем бе деп,
Оянғанда, изимнен ертсем бе деп.
Сап ҳаўасын қырғыздың симире жутып,
Ойлап қойдым қушағымды керсем бе деп.

Жан қоңсым Қазақ досқа сәлем жоллап,
Ақ қардан арыў тилек терсем бе деп.
Өзгеден өзимизге жақынырақ,
Өзбек берген лебизине ҳәрдайым бек.
Алыстағы түрк те жанға жақын.

Ашылсын бул дүньяда ығбал-бағың.
Бакуге сәлем айтып бир қырғыз қыз,
Еслесе жүрегим неге етеди «сыз».
Досларым, аппақ қардай тилеклерим,
Сизлерге жөнетерде иретледим.

Дөгерек-даш аппақ қар, жатырман мен,
Бәриңизге жыр тоқып атырман мен.
Қар ҳәм азадалықты берген қудай,
Бенделерин мудамы қоллап турғай.

Дослыққа созылған қол ҳеш талмасын,
Бул дүньяда жазылмаған жыр қалмасын.





Бахыт, ийгилик деген балаң болғай,
Уллылық жасап турсын жүреклерде,
Арыўлық үмит берсин тилеклерге,
Ағайин болып жүрейик алаңламай.
Бабалар руўхы қоллап турсын ҳәр қәдемде,
Жүректе жигер атлы қалаң болғай!

## ДОСТОРГО САЛАМ ЖОЛДОЙМУН

Карачы, күндүн кандай кереметин,
Таңкы аба, аппак кардын себелешин.
Мен жатам уйку келбей китеп окуп,
Эргүүдөн толкуп турам ырлар токуп.

Достордун терезесин чертсемби деп,
Ойгонсо «достук» салам берсемби деп
Кыргыздын таза абасын кере жутуп,
Керемет эргип кучак керсемби деп.

Коңшулаш Казак доско салам айтып,
Ак кар менен аруу тилек айтсамбы деп.
Өзгөдөн өзүбүзгө жакыныраак,
Өзбек тууган убадага ар дайым бек.

Алыскы түрк тууганым жанга жагым,
Ачылсын бул дүйнөдө бүткүл багың.
Бакуга салам айтат бир кыргыз кыз,
Алысын эстегенде жүрөгүм тыз.

Досторум, аруу, таза тилектерим,
Ак таңда силерге деп жөнөткөнүм
Сыртта кар айлана тынч, а мен жатам,
Ыр токуп, баарыңарга айтып салам.

Кар менен аруулукту берип кудай,
Болбосун пенделерде эч бир убай.
Достукка сунган колдор бек кармашсын,
Ыр жазып ыр дүйнөдө эч талбасын.





Бакытка, ийгиликке, тосколдукка,
Достук кол ажырабай бир таймашсын.
Улуулук жашап турсун жүрөктөрдө,
Аруулук үмүт берсин тилектерге.

* * *

Ақ таң менен жарысып тең турғанлар,
Тиришиликке көңилин бурғанлар.
Ийман бизден қашып кетсе, сол жаман,
Жақсы сөзден сөйлесейик туўғанлар.

Адасыўдан аласлаған жанлар бар,
Жол бар жерде ҳақыйқат бар, жалған бар...
Ақыл бизден безип кетпестен бурын,
Ақ-қараны аңлайықшы, туўғанлар.

Иштен жылап, ал сыртынан күлген бар,
Жақсы сөзди өмир бойы күткен бар,
Тириликте тарыспайық, сый болсын,
Сыйласық деп жанын жағып жүрген бар.

Қуўанышың тең бөлисип турған бар,
Қәдир-қымбатыңды жерге урған бар.
Көр дүньяға ҳасла тулға болмаймыз,
Қымбат сөзден сөйлейик-се, туўғанлар!





* * *

Ак таң менен тең ойгонуп тургандар,
Тирүүлүккө бүт көңүлүн бургандар.
Ыйман бизден качып кеткен өңдөнөт,
Жакшы сөздөн сүйлөйлүчү туугандар.

Адашуудан алдастаган жандар бар,
Акый айтып азап жолун салган бар.
Акыл бизден безип качкан өңдөнөт,
Ак-караны ылгайлычы туугандар.

Ичтен ыйлап, а сыртынан күлгөн бар.
Жакшы сөздү өмүр бою күткөн бар,
Тирүүлүктө талашыбыз сый болсун,
Сый үстүндө жанын үрөп сүйгөн бар.

Кубанычын тең бөлүшүп турган бар,
Назарыңды жерге чаап урган бар.
Көр дүйнөгө түркүк деле болбойбуз,
Кымбат сөздөн сүйлөйлүчү туугандар.

* * *

Өмир тоқтамастан зымырай берер,
Ўақыт ушқан қустай қанатын керер.
Көзлеримде ҳижран қалқыған менен,
Көкирегимде жигер ой-қырға желер.

Қараңғы түнлерге шериклес ойым,
Шатыраш ҳәм шым-шытырықдур жолым.
Бағытым қаяққа? Барарман болжап,
Қағаз, қәлем менен бәнт мениң қолым.

Тәғдирдиң таслары қайнатып шорым,
Сынақлары питпей жайғанда торын.
Бир ғана жырларым келер жәрдемге,
Көрсеткен ҳал маған жолымның оңын.

Жақсылықлар тосар садақтың оғын,
Кешер болсам талай қызарған шоғын.
От болып лаўлайды қәлбимде недур,
Бирим-бирим үзип сынақлар торын.

Ўақыт зымыраўда суймырық қусап,
Нәлшем еле жап-жас, өмири узақ.
Ханама сыймаспан туншығып базда,
Ушарман бийикке қойса да тусап.

Аўа, ушқанда да бәлент ушаман,
Тек сонда қумарым тарқар қусаған,
Жетелеп турғанда муҳаббат жыры,
Жасыл көклем келсе сайрап ушаман.





* * *

Токтобой өмүр, жол жүрүп келет,
Убакыт камгак, канатын керет.
Көзүмдө карек карыккан менен,
Көөдөндө эргүү ой-кырга желет.

Караңгы түнгө шериктеш ойум,
Чатыраш болуп чытырман жолум.
Багытым кайда? Боолголоп барам,
Жаздансам барак, калемде колум.

Тагдырдын ташы кайнатып шорум,
Сыноосу бүтпөй жайганда торун.
Бир гана ырым жардамга келет,
Көргөзүп мага жолумдун оңун.

Эргүүлөр тосот жебенин огун,
Кечкенде нечен кызарган чогун.
От болуп жанат тай туяк туйлап,
Бырчалап үзүп сыноонун торун.

Өткөрүп өмүр эргүүлөр менен,
Көчөтүм жапжаш, тамыры терең.
Кутуга сыйбай тумчугуп кетет,
Учамын бийик койсо да ченем.

Учамын бийик, бийикке учам,
Ирмемге бир аз таркасын кусам.
Махабат ыры жетелеп турса,
Көктөмгө карай көкөлөп учам.

## ӨЗ ҚОЛЫҢ МЕНЕН БЕРИП КЕТ

Жаўын селлетип өткенде,
Түнги жел жүзиң өпкенде,
Аўылыма мениң келип кет,
Шырағы үйдиң өшкенше,
Өкинтип күнлер өткенше,
Кеўил ышқыдан кешкенше.
Қайрыла кеткил қыстама,
Жаз қурақ гүзге көшкенше.

Гүл ғумша жерге түскенше,
Сабағы қуўрап питкенше,
Жолаўшы болып келип кет,
Үмиттиң жибин үзгенше.
Таңғы жел ойын салғанша,
Жаслықтан маўқым қанғанша.
Жол бойы хабар алып кет,
Илинбей кирпик қалғанша.

Сабалап ушқын бәҳәрге,
Қос қанат сермеп талғанша,
Тосқынлық болса жеңип өт,
Әрманлап жылап қалғанша.
Аўылға жақын келип кет,
Аңсаған гүлиң терип кет.
Ынтықтырмастан адамды,
Өз қолың менен берип кет.

Арзыўға толған гүл дәстең,
Күттирмей өзиң берип кет.





## ӨЗ КОЛУҢ МЕНЕН БЕРИП КЕТ

Күзгү жаан төгүп өткөндө,
Түңкү жел жүзүң өпкөндө.
Айлыма менин келип кет,
Чырагы үйдүн өчкөнчө.
Өкүнтүп күндөр өткүчө,
Көңүлдөн сүйүү өчкүчө.
Кайрыла кеткин кыштоомо,
Жаз курак күзгө көчкүчө.

Гүл бүрү жерге түшкүчө,
Сабагы куурап бүткүчө.
Жолоочу болуп келип кет,
Үмүттүн жибин үзгүчө.
Таңкы жел оюн салганча,
Жаштыктан моокум канганча.
Жөн эле кабар алып кет,
Ирмелбей кирпик калганча.

Сабалап учкун көктөмгө,
Кош канат сермеп талганча.
Тоскоолдук болсо жеңип өт,
Армандап ыйлап калганча.
Айлыма жакын келип кет,
Арзыган гүлүң терип кет.
Арманга салбай адамды,
Өз колуң менен берип кет.
Арзууга толгон букетиң,
Күттүрбөй өзүң берип кет.

## ҚОРҚТЫҢ БӘЛКИМ

Байқатпай пышақ урдың, өлгеним жоқ,
Көксимниң тилингенин көргениң жоқ.
Тирилей не ушын көмдиң топыраққа?
Көмилип гөрдиң ишин көргеним жоқ.

Шөктирдиң балшық сазға, шөккеним жоқ,
Өширдиң көздиң нурын, өшкеним жоқ.
Жүзимниң жылмыйыўын жанландырып,
Хош айтып бул әлемнен кеткеним жоқ.

Жығылттың дузақ қойып орға түртип,
Демимди буўып турдың, ызғар бүркип,
Шоршынып турғанға уқсайсаң сен,
Гөнермес жыр дүньямнан ойың үркип.

Күлкимди буўғың келди, буўылмадым,
Көз жасқа жуўғың келди, жуўылмадым.
Көңилдиң кемтиклерин толтырғанға,
Көкелеп ырғақ пенен жыр жырладым.





## КОРКТУҢ БАЛКИМ

Байкатпай бычак урдуң, өлгөнүм жок,
Көөдөндүн тилингенин көргөнүң жок.
Тирүүлөй нечен көмдүң топуракка,
Көмүлүп көрдүн ичин көргөнүм жок.

Чөктүрдүң балыр сазга, чөккөнүм жок,
Өчүрдүң көздүн нурун, өчкөнүм жок.
Жүзүмдөн жылмаюуну жандандырып,
Кош айтып бул ааламдан кеткеним жок.

Жыгылттың тузак коюп орго түртүп,
Демимди бууп турдуң, ууңду буркуп.
Чочулап турдуң окшойт көөдөндөгү,
Көөнөрбөс ыр дүйнөмдөн оюң үркүп.

Күлкүмдү буугуң келди, буулбадым,
Көөдөндү жуугуң келди, жуулбадым.
Көңүлдүн кетиктерин толтурганга,
Көкөлөп ыргак менен ыр ырдадым.

## СҮЙИНИЎ МЕНЕН ТАҢЫРҚАНТАЙЫН

Сүймесе де мени биреў берилип,
Қарар жолларыма мүмкин кешигип.
Ышқы жырын жырламақтан таймайман,
Мен биреўди сүйдиргендей сезилип.

Сүймесем де мен биреўди берилип,
Жанып күйип ой баўырым езилип,
Ышқы жырын жырлаў менен өтемен,
Мен биреўди сүйген жандай сезилип.

Ышқы жырын жаздым, тағы жазаман,
Мен сүйиўди сүйип келген адамман.
Бир жаралған ялғаншыда, өмирде,
Ышқы жырын жырлап көңил ашаман.

Муҳаббаттың даңқын жырлап жазаман,
Мен оны баҳалап келген адамман.
Өмир, ышқы бир өмирге бир келер,
Муҳаббат деп жырлап маўқым басаман.

Ышқы жырын жырлаў қандай кеўилли!
Бул өмирде ең жаманы өкиниў.
Не екенин билмесем де сүйиўдиң,
Жырым менен жасартайын көңилди.

Муҳаббат деп жырлар жазсам көңилли,
Муҳаббат та узартар дер өмирди.
Муҳаббатты жырлай берип ҳәрдайым,
Жырым менен узартайын өмирди.





## СҮЙҮҮНҮ МЕН ДАҢКТАЙЫН

Сүйбөсө да мени бирөө берилип,
Жоодур карап жолум тосуп кезигип.
Сүйүү ырын ырдагандан тажабайм
Мен бирөөнү сүйдүргөндөй сезилип.

Сүйбөсөм да мен бирөөнү берилип,
Жанып күйүп эт жүрөгүм эзилип.
Сүйүү ырын ырдап дайым өтөмүн,
Мен бирөөнү сүйгөн жандай сезилип.

Сүйүү ырын жаздым дагы жазамын,
Мен сүйүүнү сүйүп келген адаммын.
Бир жаралган бул жашоодо, өмүрдө,
Сүйүү ырын ырдап көңүл ачамын.

Махабатты даңктап ырдап жазамын,
Махабатты баалап келген адаммын
Өмүр, сүйүү бир өмүргө бир келет,
Махабат деп ырдап көңүл ачамын.

Сүйүү ырын ырдап өтөм көңүлдүү,
Бул өмүрдө эн жаманы өкүнүү.
Эмне экенин билбесем да сүйүүнүн,
Ырым менен жашартайын көңүлдү.

Махабат деп ырлар жазам көңүлдүү,
Махабат да узартат дейт өмүрдү.
Махабат деп ырдап өтөм анда мен,
Ырым менен узартайын өмүрдү.

## ҚАЙЫРЛЫ ТАҢ

Қайырлы таң ҳасыллардың ҳасыллары,
Дүньясы жыр дүньяға жақынларым.
Жыр менен таң атырып, күн кеширип,
Сағынып жолын күткен ақынларым.

Сәлемиң қабыл болсын ҳәр бир таңда,
Бахыт қусы қона берсин ҳәр бир жанға.
Жыр менен басқан жолың, кең әлемиң,
Толып турсын шоқ күлки, шадлықларға.

Бахыттың нуры жаўсын, төгилмесин,
Қайғыдан қабырғалар сөгилмесин.
Гей күнги көңил суўып қалған исти,
Бүгинги ийгиликлер түўеллесин.

Қайырлы таң, шайыр жанлы жақсыларым,
Қәлеймен бул өмирдиң жақсыларын.
Ҳәр күни сәлем берип, әлик алып,
Қарсы аламан қуўанып бүгин таңым.





## КУТМАН ТАҢ

Кутман таң асылдардын асылдары,
Дүйнөсү ыр дүйнөгө жакындарым.
Ыр менен таң атырып, күн кечирип,
Сагынып жолун күткөн акындарым.

Саламың кабыл болсун ар бир таңда,
Бакыт куш коно берсин ар бир жанга.
Ыр менен баскан жолуң, кең ааламың,
Бөксөрбөй толуп турсун күлкү, шаңга.

Бакыттын нуру жаасын, төгүлбөсүн,
Кайгырып кабыргалар сөгүлбөсүн.
Кээ күнкү көңүл ооруп калган ишти,
Бүгүнкү ийгиликтер төгүндөсүн.

Кутман таң, шайыр шатман жакшыларым,
Каалаймын бул өмүрдүн жакшыларын.
Ар күнү салам берип, алик алып,
Кубанып тосуп турам бүгүн таңым.

* * *

Ата-анасы белгисиз көп өспирим,
Тири жетим, жүзлеринде күлки жоқ!
Бөбеклей баллар үйине тасланған,
Ызадан ишлери жалын, сырты шоқ.

Кең көшеде көрип қалса тосаттан,
Бирер ерли-зайыплыны төзимли,
Ата-анам усы емеспекен деп,
Кешер жүрегинен дәртли сезимди.

Ержетпекте жас теректей буралып,
Ойы менен бойы теңнен жетилип.
Минут сайын шыйратылар бир үмит,
Сынар жигер, азапланар отырып.

Күнлердиң бир күнлеринде сабақта,
Тапсырмада сөз таласып дослары,
«Ең сулыў сөз» қайсы деген сораўға,
Жуўап излеп, бас қатыра баслады.

Бири айтты: «жаным» деген сулыў сөз,
Бири айтты: «мийрим толы жыллы көз».
Ал биреўи басын алып төменге,
Қол көтерди ҳәмме жым-жырт болған гез.

Көзлер сөйлеп, бала қәддин дүзеди,
Муғаллим «қәне, ортаға кел!» деди.
Класс жым-жырт, қулақ түрер барлығы,
Ал өспирим оларға сыр бермеди.





«Сөзлердиң бәри де сулыў шынында,
Бул сөз толы меҳир менен жылыўға.
Өмиримде айта алмаған бир мәрте,
«Ана» деген сөздиң өзи сулыў-дә!

Буны неге айтпадың деп сорамаң,
Қай анадан туўылғанман? Билмедим!
«Ана» деген сөзди айтыў буйырмай,
Сум тәғдирди талай ирет тилледим.

«Ана» деген сөздиң өзин билемен,
«Ана» деген сөздиң өзин сүйемен.
Айтарым көп мен көрмеген анаға,
«Гина кимде?» Биле алмай күйемен.

Класс жым-жырт, жас қуйылып көзлерден,
Ақ-қара тәғдирден ишлей езилермен.
Ана-бала айрылмасын ҳеш қашан,
«Ана» уллы сөз екенин сезинермен.

* * *

Көчө бала болуп өсүп өспүрүм,
Ата-энеси белгисиз да дайны жок!
Бөбөгүндө балдар үйдө ташталып,
Ызалыктан ичи жалын, сырты чок.

Кең көчөдө көрүп калса кокустан,
Келишимдүү жигитти же айымды.
Ушул балким менин ата-энемби?
деген үмүт дүрт эттирди сезимди.

Бойго жетти жаш теректей буралып,
Ойу менен бою бийик жетилип.
Ар бир мүнөт чыйрыгуудан бир үмүт,
Карападай сынып турду кетилип.

Күндөрдүн бир күндөрүндө сабакта,
Чоң тапшырма, сөз талашып достору,
«Эң сулуу сөз» - кайсыл деген суроого,
Түйшөлүштү жооп издеп көптөрү.

Бирөө айтты «жаным» деген сулуу сөз,
Бирөө айтты сүйүү арнаган жылуу көз.
А бирөөсү башты ийип урматтоо,
Сылык дагы, урматка бай сыпаа сөз.

Көздөр сүйлөп, бала боюн түздөдү,
Мугалими колдон тартып кел деди!
Класс тыптынч, кулак түрөт баарысы,
А өспүрүм сөздүн ээсин издеди.





«Бардык эле сөздөр сулуу чынында,
Ушул сөздү айтпай калуу кыйын да.
Мен бой жеттим айта албагам бир жолу,
«Апа» деген сөздүн өзү сулуу да.

А эмнеге айтпадың деп сураба,
Туулгандан апакем ким билбедим.
«Апа» деген сөздү айтуу буюрбай,
Бул тагдырды далай жолу тилдедим.

«Апа» деген сөздүн өзүн билемин,
«Апа» деген сөздүн өзүн сүйөмүн.
Көздөрүмө көрүнбөгөн апага,
Айтаар сөз көп, кимибиздин күнөөбүз?»

Класс тыптынч, жаш куюлуп көздөрдөн,
Ак-караны тагдыр ылгап көздөгөн.
«Апа» деген асыл сөзгө байланган,
Эне-бала бөлүнбөсүн өңгөдөн.

Улутунган бала чыгып класстан,
Жутуп алды тамак бууган капасын.
Жер кезүүгө даяр эле бир өмүр,
Бүт ааламдан издеп алтын апасын.

* * *

Мәўжирген бурқасынлы дәрья болып,
Тастан-тасқа секирип, ырғып шықтым.
Жер түбин тесип шыққан булақ болып,
Тып-тынық мөлдиреген арзыў күттим.

Бөлинип аспандағы шоқ жулдыздан,
Туңғыйық жолда жалғыз баратырман.
Жолаўшы жалғар жолын тоқтамастан,
Нәзерим жақсыларға қаратылған.

Тап тастай жерге түсип, шашыламан,
Шашылған жерде гүллеп ашыламан.
Қылышын сүйреп келген боранда да,
Жақсы қосық жазыўға асығаман.

Кәрўан жолын жалғайман жырым менен,
Керегем көзгенеги кеңнен-кеңнен.
Көңлимниң күсегенин ислеймен мен,
Өмир берип қойғансоң Қудай деген.

Бахтымды қарлы таўға теңермен мен,
Сеўгиге жүрегимди бөлермен мен.
Жаратқан қоллап турса ҳәр бир демде,
Ҳақысын жырым менен төлермен мен.
Туўғаным, жақынымды, досларымды,
Ҳәр ўақыт айға, күнге теңермен мен.





* * *

Аскадан агып түшкөн дайра болуп,
Тоо-ташка жанчып эргүүм агып түштүм.
Жер түбүн тешип чыккан булак болуп,
Туптунук мөлтүрөгөн арзуу күттүм.

Бөлүнүп асмандагы топ жылдыздан,
Туңгуюк жолдо жалгыз баратамын.
Жолоочу жолун улайт токтобостон,
Жолукса жакшы адамдар жанашамын.

Топ таштай жерге түшүп чачыламын,
Чачылган жерде гүлдөп ачыламын.
Кылычын сууруп келген бороондо да,
Жакшы ырды жазуу үчүн ашыгамын.

Кербендин жолун улайм ырым менен,
Көнөргөм уютулган кенен-кенен.
Көңүлүм көксөгөнүн аткарамын,
Өмүргө койгучакты Кудай ченем.

Бактымды аппак карлуу тоого теңейм,
Сүйүүгө жүрөгүмдү арнап, бөлөйм.
Жараткан колдоп турса ар бир мүнөт,
Экөөнү ырым менен сүйөп, жөлөйм.

Тууганым, жакынымды, досторумду,
Ар убак асмандагы күнгө теңейм.

## ТУРАР ҚОЖАМБЕРДИЕВТИҢ ЖАРҚЫН ЕСТЕЛИГИНЕ

Талай жырды шаршамастан жаратып,
Жүрегинен арзыў нурын таратып,
Поэзия әлемине жол салды,
Ел нәзерин ай, жулдызға қаратып.

«Көлшиктеги ай» китабы төл басы,
Болсадағы шайырлардың ең жасы,
Көкирегине сыйдыра алмай сап ышқын,
«Биз турған жер - бийик таў» деп жыр жазды.

«Қызыл алма» жыр жыйнағын оқысаң,
Муҳаббатқа балқып ушып толқысаң,
«Таў үстиндеги күн» китабы нур шашар...
«Таңғы жулдыз» топламына қол созсаң...

«Ай тийген таў» нурын шашып жүрекке,
«Жыр булақтан» жырлар ағып қуралған.
«Баллар ушын базарлық» жыр жазса,
«Борукер жан» нөсер болып буралған.

«От өшпеген қоламтада» қайнаған,
«Кыл чокулар» бүлбил болып сайраған.
Турар ағам жазған ҳәр бир жырында,
«Мен таўлардан уллыман» деп жайнаған.

«Ақ булттай енекем» дийип толғанса,
«Желбиреши жырдың аппақ парусы».





«Питпес тема», «Жамғыр сести», «Ғаррылық»,
Бар үмитти алға сүйрер жаңғырып.

Баллар ушын жазып нешше жырларды,
«Кетик тисте» айтқан сулыў жыр қалды.
«Бизиң күшик жумалақ» деп қуўантса,
«Гүл теңизи» гүллеп турды сырларды.

Поэзия әлеминде жыр сынып,
Шексизликти жырлар менен жаратқан.
Турар ағам урпақларға өнеге,
Алтын тамға бөлеклерин таратқан.

Ҳәр бир жыры алп ақын еңбеги,
Әсирлерден әсирлерге сақланар.
Әўладларға сабақ болып ҳәр бәйит,
Ирет пенен кириспе сөз басланар...

Шайыр жасар қосық қатарларында,
Шайыр тири аўладлардың ядында.
Туў бийиктен күлимсиреп қол былғап,
Жыр дүньядан сәлем айтар халқына...

Шайыр тири жыры менен оралған,
Жырлары да тал шыбықтай буралған.
Бесиктеги нәресте де жыламай,
Жырын уғып, жүзге күлки таралған.

## ТУРАР КОЖОМБЕРДИЕВДИН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ

Түркүн ырды чарчабастан жаратып,
Жүрөгүнөн арзуу нурун таратып,
Поэзия ааламына жол салды,
Турар агам, ай жылдызга жанашып.

«Көлчүктөгү ай» китеби төл башы,
Болсо дагы акындардын эң жашы.
Көөдөнүнө батыра албай сүйүүсүн,
«Биз турган жер - бийик тоо» деп ыр жазды.

«Кызыл алма» ыр жыйнагын окусаң,
Махабатка балкып учуп толкусаң.
«Тоо үстүндөгү күн» китеби нур чачат.
«Таңкы жылдыз» ыр жыйнака кол сунсаң.

«Ай тийген тоо» нурун чачып жүрөккө,
«Ыр булактан» ырлар агып куралган.
Балдар үчүн» Базарлык» деп ыр жазса.
«Боорукер жаан» нөшөр болуп буралган.

«От өчпөгөн коломтодо» кайнаган,
«Кыл чокулар» булбул болуп сайраган.
Турар агам жазган ар бир ырында,
«Мен тоолордун уулумун» деп жайнаган,

«Ак булуттай энекем» деп толгонсо,
«Желбиречү ырдын аппак парусу».
«Бүтпөс тема», «Жамгыр жыты», «Карылык»,
Бар үмүттү алга сүрөйт жаңырып.





Балдар үчүн жазып нечен ырларды,
«Кетик тиште» айткан жашоо жыргалды.
«Биздин күчүк кумалак» деп кубантса
«Гүл деңизи» гүлдөп турду сырларды.

Поэзия ааламында ыр сунуп,
Чексиздикти ырлар менен жараткан.
Турар агам урпактарга көөнөргүс,
Алтын тамга белектерин тараткан.

Ар бир ыры алп акындын эмгеги,
Кылымдардан кылымдарга сакталат.
Урпактарга сабак болуп ар бир сап,
Ирет менен сөз башаты башталат.

Акын тирүү жашайт ырдын сабында,
Акын тирүү урпактардын жадында.
Тээ бийиктен күлүмсүрөп кол булгап,
Ыр дүйнөдөн салам айтат баарына.

Акын тирүү ыры менен оролгон,
Ырлары да сүйүү менен торолгон.
Бешиктеги бала дагы ыйлабай,
Ырын угуп, жайдар күлүп соорондгон.

## КЕТКЕН ЕКЕН...

Жалын жаслық жүректе ҳеш картаймас,
Деми менен жан дүньяны арыўлап,
Өмир өшегиссе де ҳеш ортаймас,
Әжеп сезимлерди алар баўырлап.
Жүрек сүйсе усы жаслық ушқынлы,
Бирақ үмит жүги барар аўырлап.

Жаслық деген о-ҳо қандай жаңғырар,
Жас гезлерде көп нәрседен жаңылар.
Бахыт екен гейде усы жаңылыў,
Енди қайдан усы қурақ табылар.
Қолдан келсе қайта излеп барарман,
Тентекликти қайта баслап жаңалап.

Жигит көрсек уялғаннан бекинип,
Тик қарамай, сөз сөйлемей есилип,
Ийбе менен гүнәкардай жер қарап,
«Сөз келмесин, болмасын деп шийкилик»,
Қайран жаслық баяўлықтың кесири.
Жыллар өткеннен соң жүрмиз өкинип.

Қалған екен бир көз қарас татлы гез,
Көкирегимде өшпес болып бекинип.





## КЕТКЕН ЭКЕН ЧЕКЕСИНЕН КЕТИЛИП

Жалын жаштык жүрөктө эч карыбайт,
Деми менен жан дүйнөнү аруулап.
Өр таянган өмүргө да карабай,
Сенек болгон сезимдерди дарылап.
Жүрөк сүйсө ошол жаштык учкуну,
Жашай берет үмүт берип жаңылап.

Жаштык кез ээ кандай сонун жаңырат,
Курч мезгилде көп нерседен жаңылат.
Бакыт экен кээде ошол жаңылуу,
Эми кайдан ошол курак табылмак.
Колдон келсе кайра издеп бармакмын,
Тентектикти кайра баштап жаңылап.

Жигит көрсөк уяндыктан бекинип,
Тик карабай сөз сүйлөбөй чечилип.
Ыйбаа менен, күнөөлүүдөй жер карап,
«Сөз тийбесин, болбосун деп чекилик».
Кайран жаштык боёлуктун күнүндө,
Кеткен экен чекесинен кетилип.

Калган экен бир көз караш, таттуу кез,
Карегимде өчпөс болуп бекинип.

## БИЛМЕДИҢИЗ

Қызғылтым болып сизиң илебиңиз,
Дүкилдеп қатты соғып жүрегиңиз.
Қол созып сәлем айтып нурың төгип,
Күлимлей қарап алып жүр дедиңиз.

Көкирекке қатқан талай татлы сөзди,
Айта алмай эх, әттең жүрек езди.
Жасырып кирпик пенен жанған отты,
Еслеймен еликтирген татлы гезди.

Қумарлы қара көзди илмедиңиз,
Жүректеги ҳәўирди билмедиңиз.
Сездирмей урланып көз қырын салып,
Мендеги от, жалынды үрледиңиз!





## БИЛБЕДИҢИЗ

Кызгымтыл болуп сиздин илебиниз,
Дүкүлдөп катуу согуп жүрөгүңүз.
Кол сунуп салам айтып нуруң төгуп,
Күлүңдөй карап алып сурдөдүңүз?

Карекке катып далай таттуу сөзду,
Айтылбай эх, аттиң ай жүрөк эзди.
Жашырып кирпик менен жанган отту,
Эстеймин ээликтирген таттуу кезди.

Кумарлуу кара көздү ирмедиңиз,
Көз менен ичте демди иргедиңиз.
Байкабайт деген өндүү көз кыр салып,
Мендеги от, жалынды үйлөдүңүз!

* * *

Гүркиреп аққан дәрьяның,
Орнында аңғар қалды ма?
Жумысқа елткен ески жол,
Есиңе бизди салды ма?

Зырлаған жыллар соңында,
Үмиткер көңил түңилген.
Жанында енди басқа адам,
Жымыя қарап тигилген.

Салынған қызыл жолағым,
Саратан күнде қуры кетти.
Сағыныш толған көз нуры,
Сен менен бирге бир кетти.

Қырмызы көйлек камзолым,
Кийгенде еске түсесең.
Өтермен гезип қыялда,
Жаслықтың жасыл көшесин.

Ғуссаға толған күнлерим,
Ерк бермей қолдан жетелер.
Зақымлар мезгил, аямас,
Кешеўлединң бе? Өте бер.

Жағаңды оңлап дүзеген,
Жолыңды тосқан мен емес.
Көзиңнен көзин алмаған,
Ал бизиң ышқы бир елес.





* * *

Күркүрөп аккан дайранын,
Ордунда нугу калдыбы?
Жумушка барчу эски жол,
Эсиңе бизди салдыбы?

Жыдыган жылдар соңунда,
Үмүткөр көңүл түңүлгөн.
Жанында эми башка адам,
Жылмая карап тигилген.

Салынган кызыл жоолугум,
Саратан күндө өңү өчтү.
Сагыныч толгон көз нуру,
Сен менен бирге бир кетти.

Кырмызы көйнөк, кемселим,
Кийгенде эске түшөсүң.
Аралап өтөм кыялда,
Жаштыктын жашыл көчөсүн.

Кусага толгон күндөрүм,
Ээ бербей колдон жетелейт.
Закымдайт мезгил, өр таяп,
Келишиң неге кечендейт?

Жакаңды оңдоп-түзөгөн,
Жолуңдан тосчу мен эмес.
Көзүңдөн көзүн албаган,
Ал биздин сүйүү, бир элес

## ҚӘСИЙЕТИҢДИ ҚӘСТЕРЛЕЙМЕН, ӘКЕЖАН

(Күтилмеген жерден 1996-жылы әлемнен өткен әкежанымның видеосы келди. Мени жақыннан таныған Байполат иним жөнетти. Аға, үлкен рахмет. Қайта-қайта көрип, босасып, жылап алдым. Видеода бир топар ақсақаллар алдында бала жетелеген ақ сақаллы қария мени баққан әкежаным Батай.)

Қәсийетиңизден қайылман, ғаррылар,
Күлкиң, сөзиң қайдан енди табылар?
Басқан изиң, ақ қар, көк муз болса да,
Қара қызың топырағыңа табынар.

Шайқалысы қуп жарасқан ғаррылар,
Көзге ысық жүзлериңди бәри бар.
Бириң атам, бириң ағам едиңлер,
Күсесем де енди қайдан табылар?

Жүргениңиз байрам еди, бағ еди,
Көше көрки жарық еди, таң еди.
Қос туяғы тас талқанлар тулпардай,
Жүрислериң шыйрақ еди, шар еди.

Сол бир көше, сол бир аўыл, сол бир үй,
Күлки, шадлықты өзине сиңирген.
Ақ сақаллы алпамсадай тал-терек,
Ақ қар жаўса, ийинағаштай ийилген.

О, әкежан, өмирден көп налындым,
Сүрингенде руўхыңа шағындым.
Туў аспаннан көрдиңбекен қызыңды?
Қалғанлығын ортасында жалынның.





## КАСИЕТИҢДЕН КАГЫЛАЙЫН АТАКЕМ

(Күтүлбөгөн жерден 1996-жылы тартылган атакемдин видеосу келди. Мени жакындан тааныган Байболот иним жөнөттү. Ага чоң рахмат.  Кайра-кайра көрүп, бошоуп, ыйлап алдым. Видеодо топ аксакалдын алдында бала жетелеген ак сакалдуу карыя мени баккан атакем Батай. )

Касиетиңден кагылайын карылар,
Күлкүң, сөзүң кайдан эми табылар?
Баскан изиң, ак кар, көк муз болсо да,
Кара кызың турпагыңа табынаар.

Жайкалышы жарашышкан карылар.
Көзгө жылуу, жакынсыңар барыңар.
Бириң атам, бириң авам ээрчишип,
Көксөсөм да эми кайдан табылаар?

Жүргөнүңөр майрам эле, шаң эле,
Көчө көркү жарык эле, таң эле.
Кош туягы ташты жанчкан тулпардай,
Жүрүшүңөр чыйрак эле, шар эле.

Ошол көчө, ошол айыл, ошол үй,
Күлкүңөрдүн ар бир шаңын сиңирген.
Ак сакалдуу абышкадай тал-терек,
Ак кар жааса, так силердей ийилген.

Оо атаке, карааныңа кагылдым,
Кайра-кайра тиктей берип, жалындым.
Тээ асмандан көрдүң бекен кызыңды?
Калгандыгын ортосунда жалындын.

## ҚЫЯЛДЫҢ КҮШЛИЛИГИ

О, әне!
Таң атпай тығылысып автобуста,
Баратырмыз оқыўға ҳәм жумысқа.
Қысылып қалсақ та биз қайыл едик,
Шырпының шөплериндей бул турысқа.

Сүйкимли көзлерге көз урлап қарар,
Арзыўды көпшиликтен излеп қалар.
Автобус шайқалғанда жаға услап,
Сылтаўлап гей бир жигит қызды қармар.

Ересеклер сирескен қыз-жигитке,
Отырып-ап суқланып көзин қадар.
Автобустың тезирек бәндиргиге,
Жетип барыўын бунда ҳәмме қәлер.

Сүрме көз сулыў қыздың шашларынан,
Боз бала айырмастан көзин қадар.
Сөз салыў былай турсын, жақын барыў,
Тығылыстан терлеп-тепшип жерге қарар.

Отырып бүгин сол бир автобусқа,
Жаслығыма қыдыртқандай тәғдир мине.
Ушқыр қыял бийлеп бар ақылымды,
Есимнен шықты түсер бәндирги де.

Тоқтама, тоқтай көрме ақ автобус,
Жеткергил жаслығымның аўылына.
Мендағы қызыл көйлек кийип алып,
Барайын сүйген оқыў сабағыма.





## КЫЯЛДЫН КҮЧТҮҮЛҮГҮ

Оо, анда!
Таң атпай кыналышып автобуста,
Барабыз окуу жайга же жумушка.
Кысылып калсак да кайыл элек,
Ширелип ширеңкедей бул турушка.

Сүйкүмдүү көздөр көздү улам карайт,
Арзууну көпчүлүктөн издеп самайт.
Автобус чайпалганы жага түшүп,
Шылтоолоп кээ бир жигит кызды кармайт.

Улуулар кыналышкан кыз-жигитке,
Олтуруп суктануудан көзүн кадайт.
Автобус жолугушуу аялдама,
болгондой ушул саатты баары самайт.

Сурма көз сулуу кыздын чачтарынан,
Боз улан уурдана көзүн албайт.
Кеп салуу мындай турсун жакын баруу,
сүрдөөдөн тердеп-тепчип жерди карайт.

Олтуруп бүгүн ошол автобуска,
Кайрылып барып келдим жаштыгыма.
Кыялдын күчтүүлүгү алаксытып,
Эсимден чыкты түшөөр аялдама.

Токтобо, токтой көрбө ак автобус,
Жеткиргин жаштыгымдын айылына.
Мен дагы кызыл көйнөк кийип алып,
Барайын сүйгөн окуу, сабагыма.

* * *

«Дыз» еткен жүректеги муҳаббатым,
Бекинсе гүзги нөсер арасына.
Сыпқанап жылға киби көзден жасым,
Даўа излер жүректиң жарасына.

Аяўлы сезим бүгин ушып турар,
Нөсердиң соққысына жүзин тоса.
Жуўып сәл ғубарлардың сырқындысын,
Тамырын қалдырмастан кесер қоса.

Гүйзелип неликтендур тыншымассаң,
О, сезим, сени мен де түсинемен.
Өр жаққа биргеликте баратырып,
Байқадым баўырымның, исингенин.

Тымсырайып кеш геўгимде жалғыз шамдай,
Үмитти сабыр-төзим турар тиреп.
Ал бирақ жүректеги муҳаббаттың,
Ушқыны арнап турар арыў тилек.





* * *

«Тыз» - эткен жүрөктөгү махабатым,
Жашынса күзгү нөшөр арасына.
Сарыгып шүүдүрүмдөй агып жашым,
Дары издейт жүрөктүн карт жарасына.

Аялуу сезим бүгүн үшүп турат,
Нөшөрдүн запкысына жүзүн тосо.
Жууп сал кусалыктын урандысын,
Тамырын калтырбастан кесип, кошо.

Түйшөлүп эмнегедир тынчыбасаң,
Оо сезим, сени мен да түшүнөмүн.
Өр таяп биргеликте бара жатып,
Байкадым ооруганың, үшүгөнүң.

Томсоруп кеч күүгүмдө жалгыз шамдай,
Үлүңдөп үмүт дагы араң күйөт.
А бирок жүрөктөгү махабаттын,
Учкуну арнап турат аруу тилек.

## ЖАСЛЫҚ ШАҒЫМ ҚАЙТЫП КЕЛЕР БОЛҒАНДА...

Жаслық шағым қайтып келсе, ышқымды
излеп жүрер-ем,
Бой-сыныңа нәзер таслап жайдары ғана күлер-ем.
Жүрегиме жасырып айталмаған сырларың,
Бир қараўда көзлериңнен оқып, билип алар-ем.

Жалын шағым қайтып келсе, мәс боп күлип барар-ем,
Бир гәп айтып, он рет күлип кеўлиңди де алар-ем.
Сениң жүрек-баўырыңды езип турған сырыңды,
Ол жақ, бул жаққа өтип жүрип ақыры билип қалар-ем.

Жаслық шағым қайтып келсе, жалын
шашып барар-ем,
Жымыйып қарап ышқының жалынында жағар-ем.
Шыннан сүйип, ҳеш нәрсени сезбегендей сол гезде,
Сени шыннан сүйдирер-ем, ҳижранларға салар-ем.

*(Ески дәптерде)*





## ЖАШ КЕЗИМ БОЛСО

Жаш кезим болсо, жаныңа жакын бармакмын.
Жамалың карап, жайдары күлүп жанмакмын.
Айталбай жаткан, катылган сенин сырыңды
Көзүңдү карап, сөздөрүң окуп алмакмын.

Курч кезим болсо, тийише сага бармакмын,
Көп сөзду сүйлөп, шаштыңды такыр алмакмын.
Шоктука салып көөдөндү эзген сырыңды,
Эркелей карап көзүңдөн окуй алмакмын.

Жаш кезим болсо жалыным чачып бармакмын
Жылмая карап жалындуу отто жанмаксың
Байкатбай сүйүп, билмексен болуп ар убак.
Сүйгүзүп сени азапка абдан салмакмын.

## ӨТКЕНДИ ҚАЙТА ШАРЛАДЫҚ

Күн ара барып булаққа,
Ғайбана ашық төрем деп,
Тоқып өзиңе қол шаршы,
Сақлаған едим беккемлеп.
Кисеңе қәйтип салсам деп,
Қарай берер-ем елеңлеп.

Әтшөктиң тыңлап сайрауын,
Гүллердиң қарап жайнауын,
Көзим алалмай көзиңнен,
Көңлиңе көңлим байладым.
Айталмай кеткен сол гезде,
Дәртимди терең ойладым.

Ай батса түнек тарқалып,
Таң менен қоса жалғанып,
Жолымды тоссаң жорғада,
Өзиңди өзиң қолға алып.
Ўақыт дым қысқа турмайды,
Биз де онша көп турмадық.

Ынтықлығыңа күш берип,
Келмекте мине қарасың.
Жолығалмасам кеширгил,
Бөлинбес, егиз адашым.
Сен де есиңде сақлап қал,
Қыймаслықлардың бахасын.





Қыялай кеткен өмирдиң,
Өрине шықтық таянып.
Өртеңге салған сезимди,
Екеўимиз бирге аядық.
Ғубарға толған көз бенен,
Өткенди қайта шарладық.

## ӨТКӨНДҮ КАЙРА САМАДЫК

Күн алыс барып булакка,
Керемет көзүң көрөм деп.
Саймалап сайган бет аарчы,
Сактагам элем белендеп.
Шурусун тизип коздогом,
Күрмөңө салып берем деп.
Күкүктүн тыңшап сайрашын,
Гүлдөрдүн карап жайнашын.
Көзүңдө нурга байланып ай,
Сүрдөгөн элем кыйбасым.
Айталбай кеткем ошондо,
Дартымдын терең ырбашын.

Ай батса бүтпөй кусалык,
Таң менен кошо уланып.
Жоргоңду тартып тизгиндеп,
Жолумдан тостуң кубанып.
Убакыт кыска турбайбы,
Тиктешип бир аз турбадык.

Кылымга тете күч берип,
Келатат ээрчип карашың.
